УДК 397.4

КӨЧМӨНДӨРДӨГҮ ТУУГАНДЫК СИСТЕМАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
ОСОБЕННОСТИ СИСТЕМЫ РОДСТВА КОЧЕВНИКОВ
FEATURES OF THE SYSTEM OF KINSHIP OF NOMADS

Исаков Б.М. – улук окутуучу, ЖАМУ
Педагогикалык маалымат технологиялары факультети,
«Профессор Ш.М. Ниязалиев атындагы
философия жана гуманитардык илимдер кафедрасы»
bolot.isakov2016@gmail.com

Аннотация: *Макалада, көчмөндөрдөгү туугандык системасы изилденди. Көчмөндөрдөгү терминдер түшүнүгү алардын маани-манызы каралды.Көчмөндөрдөгү туугандык терминдерди бүгүнкү күндө туура колдонуу менен жаштарга жайылтуу максатка ылайыктуулугу жөнүндө айтылды. Ошондой эле туугандык терминдер улуттук, аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен изилденүүсү баяндалат. Көчмөн элдердин маданиятын, алардын табият менен таттуу мамиледе болгондугун, этностор арасындагы байланыштарды, окшоштуктарды, айырмачылыктарды изилдөө, окуп үйрөнүү, актуалдуулугу жөнүндө айтылат.*

Аннотация: *В статье изложено, понятие системы родства кочевников. Анализированоее сущность и социальное значение.Также изучено система родства, с учетом особенностей номадизма.Помимо всего этого в статье повествуется актуальность исследование особенностей культуры кочевников с учетом сравниваниясходств и различий, изучение и распространение неповторимого быта кочевников на сегодняшний день вполне соответствует цели и задачи сегодняшнего образования.*

Annotation: *The article describes the notion of a system of kinship of nomads. Its essence and social significance are analyzed. Also, the kinship system was studied, taking into account the peculiarities of nomadism. In addition, the article discusses the relevance of the study of the characteristics of nomadic culture, taking into account the comparison of similarities and differences, the study and dissemination of the unique life of nomads today fully corresponds to the purpose and objectives of today's education.*

Ачкыч сөздөр: *көчмөндөр,туугандык системасы, туугандык терминдер, туугандык мамилелер, көчмөндөрдөгү туугандык системалардын өзгөчөлүктөрү, туугандык терминдердин аймактык өзгөчөлүктөрү.*

Ключевые слова: *система родства, кочевники, термины родства, развитие родственных отношений, особенности родственных отношений, особенности системы родства кочевников.*

Key words: *system of kinship, nomads, terms of kinship, development of kinship relations, peculiarities of kinship relations, peculiarities of the system of kinship of nomads.*

Традициялуу чыгыш коомубузда көптөгөн кылымдардан бери түзүлгөн көчмөн маданиятыбыз, калыптанган үрп-адаттарыбыз, туугандык мамилелер жашап келет. Бүгүнкү күндө, глобализациянын, вестернизациянын таасири күчөп турган мезгилде, жаш өсүп келе жаткан коом мүчөлөрүн тарбиялоодо өз маданиятыбызды, үрп-адаттарыбызды аларга жеткирүү, туугандык мамилелердин келип чыгуусун жана алардын маани-манызын түшүндүрүү учур талабы. Мына ушул үрп-адат, каада-салттарыбызды, туугандык системабызды изилдөөдө, аларды жайылтууда, албетте этнографиялык маалыматтар

маанилүү орунду ээлейт. Бул багытта көчмөн элдердин маданиятын, этностор арасындагы байланыштарды, окшоштуктарды, айырмачылыктарды салыштыруу негизинде изилдөө, окуп үйрөнүү, жайылтуу максатка ылайыктуу.

Бул тема боюнча көптөгөн макалалар, эмгектер биздин өлкөдө ошондой эле алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө жарык көргөн. Туугандык системасынын келип чыгуусу, элдердеги туугандык мамилелердин өнүгүүсү боюнча көптөгөн окумуштуулар өз көз караштарын, эмгектерин жарыялаган. Мисалы: Морган Л.Г. «Дома и домашняя жизнь американских туземцев» // Л.: Институт народов Севера. ЦИК СССР, 1934. – т.2.; «Древнее обшество или исследование линий человеческого прогресса от дикости через варварство к цивилизации». Л.: 1933.«Материалы по этнографии». Л.: Институт народов Севера. ЦИК СССР, 1934. – т.1.;«Лига ходеносяуни, или ирокезов/ пер. с английского Бломквист Е.Э.- М.: Главная редакция восточной литературы издательство «Наука», 1983., Семенов Ю.И. Льюис Генри Морган: Легенда и действительность// Советская этнография-1968., Файнберг Л.А., Л.Г. Морган/ «Философский- энциклопедический словарь. М.,1983., Токарев С.А. «История зарубежной этнографии»: уч. Пособие-М., Высшая школа, 1978.,ж.б. Ушул эле жылдары ири советтик-этнограф, кыргыз таануучу С.М. Абрамзондун революцияга чейинки коомду социалдык уюштурууга арналган анализди камтыган изилдөөлөрү жарык көргөн.; (Абрамзон, 1931,1932,1951).

Этнография илиминде Азиядагы көчмөн элдериндеги анын ичинде кыргыз, казак, татар, башкыр, алтайлыктар ж.б. элдердеги туугандык системасынын өзгөчөлүктөрүнө кызыгуу дагы да болсо актуалдуу.

Макалада изилдөөнүн обьекти катары көчмөндөрдөгү туугандык системасы, көчмөндөрдөгү туугандык системасынын калыптануу процесстери, ал эми изилдөөнүн предмети катары көчмөндөрдөгү туугандык системасынын өзгөчөлүктөрү, туугандык системасынын келип чыгуусу, алардын өзгөчөлүктөрү, туугандык терминдердин жана туугандык системанын социалдык мааниси каралды. Изилдөөдө, изилдөө усулу катарында салыштыруу усулу колго алынып, көчмөндөрдөгү туугандык түзүм, туугандык түзүмдүн келип чыгуусу алардын бүгүнкү күндөгү өзгөчөлүктөрү изилденди.

Туугандык мамилелерди, үрп-адаттарды туура жеткирүү максатында биз элибиздеги кээ бир салттарга көңүл буруп изилдеп көрүүнү туура таптык. Салыштыруу үчүн үрп-адаттары боюнча окшош маданиятка ээ болгон көчмөндөрдүн кээ бир өзгөчөлүктөрүн карап көрсөк болот.

Көчмөндөрдөгү туугандык системасынын социалдык шартка байланыштуу экендиги эч кандай шектенүүнү жаратпайт. Туугандык системасында эки түзүм түзүүчү белги ажыралып каралат: ата жана эне линияларынын биригүүсү же болбосо чектелүүсү. Эне жана ата линияларынын биригүүсү, кошулуусу бир туугандык үй-бүлөдө (в братской семье) мурасты ээлеп калуу системасын чагылдырган «агасы-иниси жана жээни». Чыгыш түрктөрүндөгү мурасты ээлеп калуу салтында, сөзсүз түрдө катын (катунская линия) жана каган (каганская линия) линияларынын болуусу, ашина жана ашиделердин ортосундагы социалдык-саясий мамилелердин учуру болуп эсептелет.[1] *Мүмкүн, мындай бир туугандык үй-бүлөдө,* атадан калган мурас эмес, көптөгөн этнографтар тарабынан, кечээ жакында эле өмүр сүргөн, акырын күчүнө кирип келе жаткан патриархалдык мамиле менен өз ара байланыш түзө баштаган *энеден калган мурастын негиздери жатат.* Бул өзгөчө, никенин авункулокалдуулугунда (лат. avunculus - таякеси и locus - орду), никедеги жайгашуу салты, жубайлар күйөөсү менен бирге аялдын агасы тарапта жашашат) байкалат. Авункулатты түшүндүрүүнүн эки өзгөчөлүгүн окмуштуулар атап кеткен,

1) авункулат-энелик филиациянын жөнөкөй жыйынтыгы, мында «бир тууган»(таякеси, тагасы) аялдын жана анын балдарынын жакын тууганы.

2) авункулат-матрилокалдуу отурукташуунун жыйынтыгы, мында, үй-бүлөдө бир туугандын энеси башкарып турган учурда, эч кандай матриархатсыз жана матрилиниялык филиациясыз эле, «эрдин» - «атанын» көз каранды абалын түзөт. Авункулатта, үй-бүлө эненин кандаш туугандарынан турган социалдык топту чагылдырат: ага-иниси, эже-карындаштары жана алардын балдары. Добу аралындагы Меланезиялыктарда мындай социалдык топ, «сусу» деген, өзгөчө термин менен аталган.

Этнографиялык материалдар күбөлөгөндөй, үй-бүлөлүк обшина патрилокалдуу никеде болуп, аялы күйөөсүнүн үйүнө көчүп барып жашаган учурда деле, аялдын балдары өзүнүн же болбосо аялдын атасынын тобуна таандык болгон. Алар кээ бир учурларда жаш бала чагынан эле өзүнүн эне үй-бүлөлүк тобуна жакын болуп, тагыраак айтканда аялдын бир тууган акесинин, балдардын таякесинин тобуна, өзүнүн эне линиясы боюнча топко өтүшкөн. Баланын эн жакын жана эн аксакал тууганы өз күйөөсүнүкүнө жашоо үчүн кеткен аялдын агасы, же болбосо карындашы менен кандаш агасы болгон. «Бул, өзүнүн эне линиясына тиешелүүлүк такыр номиналдуу эмес, ал бир гана келип чыгуусун аныктоодо же болбосо, ат коюда гана эсепке алынбастан, реалдуу, факт түрүндө реалдуу, чарбалык, коомдук, идеологиялык өз уруусуна тиешелүүлүгүн билдирген.[2]

Шор элинин уламыштарынын биринде айтылгандай, аял аюуга турмушка чыгат жана алардын «аюу» балдары да, аюунун эмес энесинин бир туугандарынын улусуна барып жашагандыгы жөнүндө айтылат. Бир катар Кавказ элдеринде да балдарынын бир тууган таякесине барып жашоосу сөзсүз түрдө болгон. Ал бул жээндерин тарбиялап, аларды үйлөп же болбосо турмушка узаткан. Бул жерде кошумча баса белгилеп айта турган болсок сөз, кросс-кузендик туугандык жөнүндө болуп жатат, себеби тигил таякеси жээндерин өз балдары менен баш коштурууга аракет жасаган, тесекерисинче, атасы өз балдарына эч кандай жакындыкта боло албай, эч кандай укукка ээ болгон эмес. Атасы менен уулунун ортосундагы «бир-биринен алыстап өтүү» Кавказда кенири тараган жана туруктуу көрүнүш болгон. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө бул маселеге тиешелүү төмөнкү ойду кезиктиребиз:«Ата жагынан туугандар-ачууга алдырып, мушташат, эне жагынан туугандар бир тулпарга учкашат». (qadas quma uruk, ogdas oru tartar.) Ата ушинтип, узак убакытка чейин өз балдарына жат болгон абалда жашап келген. [3] М.О. Косввендин көз карашында эне линиясы боюнча балдарды көп учурда таякеси тарабынан багып алуусу авункулокалдуу никенин таасиринин калдыктары экендигинен кабар берет. Балдардын эне уруусуна өтүп жашоосун Скандинавиядагы, Алтай элдериндеги салт-санаада кездештиребиз, ошондой эле мындай үрп-адаттын кээ бир көрүнүштөрү казактарда, өзбектерде жана кыргыздарда да байкоого болот, аларда көп учурда балдардын бирөөсү эне жагынан туугандарга барып жашоосу кабыл алынган. Огуз уламышында, ушул сыяктуу эле, балдардын таякесинин колунда тарбиялангандыгы жөнүндө эскерүүлөр бар. « Мур-Йаванын өз никелүү аялдарынан балдары жок эле. Уржа-хандын жүрүшүндө ал бир аялды колго түшүрдү, аялды бир нече күн кармап туруп, кайра кайтарды. Бул аял, өз журтуна кайтканда мындай деди: «Мен Мур-Йава хандан кош бойлуу болдум». Бир канча айлар өткөндөн кийин ал уул төрөдү. Бул балага Кара деп ат коюшту. Ал өзүнүн таякелеринин колунда өстү. Жигит болуп жетилгенден кийин, алардан качып, Мур-Йава ханга келди. Хан баланы уул кылып кабыл алды. Мур-Йава хан өлгөндөн кийин бүткүл эл Караны хан көтөрүп алышты. Бул жазма маалыматта биз өз ара байланыштагы үч кубулушту көрөбүз: никенин дислокалдуулугу, баланын эне жагынан туугандарда тарбиялануусун, жана анын кийинки мезгилде уулу катары кабылдануусу, ошондой эле мураска «такты» ээлеп калуусу.

Авункулокалдуук системасын сюнну жана түрк коомдорунда байкайбыз. Бизге маалым болгондой, сюннуларда тактын мураскору ар дайым белгилуу Хуянь аттуу кол

башчылардын ордосунда (ставкасында) болгон. Ал эми, Капаган-кагандын тушунда Бильге-каган тардуштардын шады (башчысы) болуу менен сөзсүз түрдө өз таякесинин ордосунда жашап турган, жана согуштук жортуулдарга, мамлекеттик иштерге катышкан, ал кагандын-жакын тууганы, мураскору болуп эсептелген. Никенин авункулокалдуулугуна байланыштуу жана балдардын таякесинин колунда болуусуна байланыштуу таякеси менен жээнинин ортосундагы мамиленин өзгөчөлүктөрү болуп келген. Көптөгөн этнографиялык маалыматтарда белгиленип, тастыкталгандай азыркы түрк элдеринин көпчүлүгүндө, түрдүү фонетикалык варианттарда эне жагынан туугандарга өзгөчө аталыш берилип колдонулуп келет – бул тай,//дайы (tay//dayi). Ошондой эле, бул термин эне тарабынан бардык туугандарга колдонулат, алардын ичинде энесинин атасына да. Бул жөнүндө түркмөндөрдүн «Түркмөндөр санжырасында» да *dayi qatun* термини кездешет жана күбөлөйт. Бул термин хандын аялдарынын башкаруучу кызмат ордун билдирген.
Байыркы түрктөрдөгү классификациялык система боюнча, этнографиялык материалдарда кездешкендей, эненин атасы да, өз небересине карата мамиледе таякесиндей же болбосо эне жагынан туугандардай мамиледе болгон. Мисалга алсак: XVIк-аягы XVII к. башы. мезгилинде түзүлгөн «Талаалык он сегиз мыйзам»чыгармасында да мындай укук кездешет: бир тууган тайатасынын алдында жээни уурулукта күнөөлөнбөйт». Дал ушундай эле, алтай түрктөрүндө да жээни таякесинен өзү каалаган буюмун алууга укуктуу болгон.

Өз кезегинде үй-бүлө институту өз ичине көптөгөн башка институттарды камтыйт: алар, нике институту, туугандык институту, аталык жана энелик институту, жеке менчик институту, балалыкты социалдык коргоо жана камкордукка алуу институттары болуп эсептелет. Үй-бүлөлүк жана нике мамилелеринин өнүгүүсүн изилдөөдө негизги маселелердин бири катары уруулук экзогамия эсептелет.Түштүк алтайлыктар жана кыргыздар бүгүнкү күнгө чейин нике кыюудагы тыюу салууларды чектөөлөрдү бекем сактап келишет. Экзогамия - ата жагынан бир сөөккө тиешелүү болуу, никеге туруу нормаларын аныктайт. Экзогамиялык тартиптерге ылайык бир атанын, сөөктүн урпактары болгон уруу өкүлдөрүнүн М: «кыпчак» же аларга жакын кандаш уруулар «мундуз», «кергил» ошондой эле, дагы бир кандаш уруулар тобу: «төөлөс», «көбөк», «алмат», «сакал» сыяктуу урууларга никеге туруусуна мүмкүн эмес болгон. Мындай адатты элде «алышпас» деп атоо менен бекем карманышкан, бул уруулардын өкүлдөрүнүн баш кошуусу салтты бузуу деп эсептелген. Ошондуктан алыс уруулар болгон найман, могол сыяктуу уруулардан кудалашуу туура деп табылган. Ушундай жол менен, узакка созулган тандоо негизинде «экзогамия» (байыркы грек тилинде кандаш жана жакын локалдык коллекктивдин ортосундагы никеге тыюу салуу), этностун генетикалык таза кандуулугунун тарыхый негизделген өтө зарыл шарты болуп кызмат өтөп берген.[4] Мына ушул үрп-адаттар, каада-салт, нике кыюу адаттары, жана той мааракелер, туугандык мамилелер белгилүү бир элдин, этностун өзгөчөлүгүн маданиятын чагылдырат. Үрп-адат, туугандык система элдин өзгөчөлүгүн сактоо менен өзүндө байыркы турмуштун элесин, жүрүм-турум нормаларын, диний ишенимдерин алып жүрөт. Ар бир эл өзүнүн өзгөчө үрп-адаттары менен күчтүү жана кайталангыс, убагында биздин көчмөн эл башка элдерден турак жай куруу, тамак-аш даярдоонун түрлөрүн, жер жемиштерди пайдалануну жана башкаларды үйрөнгөн болсо, биздин көчмөн цивилизация дүйнө элдерине ат жабдыктарын даярдоону, жылкы кармоо жана башка ушул сыяктуу жанылыктарды жайылтып, карым-катнашта болушкан. Ата-бабаларыбыздан калган баалуу мурас болгон ушундай өзгөчө салт-санааларды, туугандык мамилелерди көздүн карегиндей сактоо жана кийинки урпактарга жайылтуу, жеткирүү биз үчүн парз.

Кыргыз эли, эгемендүүлүкө жетишип, өз алдынча жашай баштагандан тарта, экономикалык, социалдык-саясий өзгөрүүлөргө тушугуп, алар менен күрөшүү, аларды реформалоо, жаны өнүгүү жолун табууга аракеттенүдө. Бүгүнкү өзгөргөн коомдо, толук отурукташууну башынан кечирбеген, жаны шарттарга, өзгөчө капиталисттик мамилелерге көнбөгөн элибизде адаптация жай жүрүүдө.[5] Кыргыз коому анын өзгөчөлүктөрү традициялуулук, салт-санаа жана башка улутка мүнөздүү айырмачылыктар бүгүнкү күндө өнүгүүнүн өзгөчө жолун тандап алууну талап кылууда. Ушул проблемалар, бул макаланын актуалдуулугун арттырат, өткөн күндөрдөгү коомдук баалуулуктарды изилдөө, иликтөө, баалоо, бүгүнкү күндүн коом мүчөлөрүнө, жаштарга жеткирүү биздин негизги максаттарыбыздын бири, себеби жаштарыбыз тарыхты барктамайынча келечекти тактай албайт.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Абрамзон С.М. Формы семьи у дотюркских и тюркских племен Южной Сибири, Семиречья и Тянь-Шаня в древности и средневековье // Т. Сб.1972 г. М., 1973. С. 300-304
2. Бернштам А.Н. Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI-VIII веков. М.; Л., 1946. С. 94.
3. Кисляков Н.А. Очерки по истории семьи и брака у народов Средней Азии и Казахстана Л., 1969. С. 17-29.
4. Дыренкова Н.П. Брак, термины родства и психические запреты у кыргызов//сборник этнографических материалов/под ред. В.Г.Богораз-Тана.-№2.-Л.,1927.-с.7-12
5. Каратаев О.К., Эралиев С.Н. «Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк». Бишкек: Бийиктик-2005